**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Polothan_kenesh@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Polothan_kenesh@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясы**

**11.03. 2023-жыл.** **ТОКТОМ № 73** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сунушу жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2023-жылдын 11-мартындагы кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясына сунушталган маселелерди карап чыгып, айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 11-мартындагы №01-10/135 сунушуна негиз айылдык кенештин сессиясы токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн өздүк эсебинде 01.01.2023-ж. карата калган калдык 4528,0 сом акча каражаты 2023-жылдын бюджетине бекитилсин.

2. Ушул токтомдун аткарылышын мыйзамдарда белгиленген тартипте жетекчиликке алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төраганын м.а.:** **Камилжанов Э.Ш.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Polothan_kenesh@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Polothan_kenesh@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясы**

**11.03. 2023-жыл.** **ТОКТОМ № 74** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагындагы мамлекеттик айыл чарба фондунун жерлеринин ижара акысынын баштапкы өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2023-жылдын 11-мартындагы кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясына сунушталган Исхак-Полотхан айыл аймагынын мамлекеттик айыл чарба фондусунун жерлерине ижара акысынын баштапкы өлчөмдөрүн көтөрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн маалыматын угуп талкуулап чыгып, айылдык кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагынын мамлекеттик айыл чарба фондусунун жерлеринин ижара акысынын баштапкы өлчөмдөрү төмөнкүдөй бекитилсин:

-Айдоо сугат категориясындагы курдуулугу жакшы сууга жакын 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 2600 сом;

-Айдоо сугат категориясындагы курдуулугу жана сууга орто 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 2000 сом;

-Айдоо сугат категориясындагы курдуулугу начар суудан алыс бош жаткан 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 1400 сом;

-Бак категориясындагы 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 3500 сом;

-Айдоо кайрак категориясындагы 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 1600 сом;

-Чоп чабынды категориясындагы 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 1400 сом өлчөмүндө бекитилсин.

2.Токтомду жетекчиликке алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго милдеттендирилсин.

3.Ушул токтомдун аткарылышын козөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик айыл чарба фондусунун жерлерин башкаруу боюнча комиссиягы жүктөлсүн.

**Төраганын м.а.:** **Камилжанов Э.Ш.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Polothan_kenesh@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Polothan_kenesh@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясы**

**11.03. 2023-жыл. ТОКТОМ № 75 Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагындагы айыл чарбасы багытындагы эмес жер аянтарына эсептелинген салык өлчөмдөрүнүн жана коэффициенттерин бекитүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2023-жылдын 11-мартындагы кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын салык кодексине негиз, айылдык кеңештин кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясы токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагындагы айыл чарбасы багытында эмес жерлердеги пайдалануудагы жер аянтарынын Кз зоналдык коэффициенти салык кодексинин 404-беренесине ылайык 1,2 өлчөмдө бекитилсин.

2. Исхак-Полотхан айыл аймагындагы айыл чарбасы багытында эмес жерлердеги аракеттеги эмес пайдаланылбай жаткан жер аянтарынын баштапкы Кз зоналдык коэффициенти 0,3 өлчөмүндө бекитилсин.

3. Үй-жанындагы, короо жай жана багбанчылык-чарбак жер участокторуна (тамарка) салык Салык кодексинин 398-беренесинин негизинде 1 сотикке 10 сом өлчмүндө бекитилсин, салык кодексинин 411 беренесинде көрсөтүлгөн категориядагы жарандарга тамарка салыгынан женилдиктер колдонулсун.

4. Исхак-Полотхан айыл аймагындагы ар бир кожолуктан алынуучу таштанды чыгаруу үчүн жыйым жылына 100 сом өлчөмүндө бекитилсин.

5. Коммерциялык багыттагы ишканалардын кызматкерлери үчүн таштандыларды чыгаруу үчүн жыйым киши башына жылына 100 сом өлчөмүндө бекитилсин.

6. Токтомду жетекчиликке алуу жана мыйзамда белгиленген тартипте аткаруу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго милдеттендирилсин.

7. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төраганын м.а.: Камилжанов Э.**